***Б. Орунбеков***

# Кыргыз басма сөзүнүн бүгүнкү абалы

Кыргызстанда ар бир атуул анын ичинде журналист өз оюн эркин айта алат, аны каалаган маалымат каражаттарына жарыялай алат. Мындай укукту мамлекеттин Конституциясы, андан келип чыккан мыйзамдар берет. Сөз эркиндигине байланышкан бир топ мыйзамдар кабыл алынган. «Массалык маалымат каражаттары жөнүндө», «Журналисттин кесиптик ишмердүүлүгүн коргоо жөнүндө», «Маалыматты эркин алуу кепилдиктери жөнүндө», «Автордук укук жөнүндө», «Реклама жөнүндө» ж.б. мыйзамдар журналисттер үчүн негизги документтер болуп саналат. Кыргызстандын Баш мыйзамынын 14-статьясы ар бир атуулга (*анын ичинде журналистке -Б.О.)* өз оюн ачык айтууга, жазууга, аны жарыялоо же таркатууга толук укук берет.[1]

Эң башкысы журналисттердин укугу демократиянын принциптерине таянган адам укугунун бирден бир көрсөткүчү катары да баалоого болот. Анын негизинде дүйнөлүк коомчулуктун баамында Кыргызстанда Борбордук Азиянын башка мамлекеттерине салыштырганда сөз эркиндиги бар экендиги айтылат. Мындай жыйынтыкты Казакстандагы Эл аралык «Адил сөз» коомдук фондусунун иликтөөсү 2007-жылы дагы бекемдеди.[2] Ошондон улам «Кыргызстан – Борбордук Азиядагы демократиянын аралчасы» деген атка да конгон.

Кыргызстан өз аймагында алдыңкы орунда келатканы менен батыш серепчилеринин баамында жалпы дүйнө мамлекеттери менен салыштырганда «демократия аралчасын» сактай албай кол жууп жаткандай баа берилип келет. Эл аралык Freedom House уюмунун 2003-жылдагы иликтөөсүндө сөз эркиндигинин рейтинги боюнча эң акыркы орунда Түндүк Корея – 96 балл менен турса, Кыргызстан 71- орунду, Россия 66- орунду ээлеген. Чет элдик серепчилердин баамында Кыргызстанда сөз эркиндигине болгон мамиле 2007-жылы деле жакшы жагына өзгөргөн жок.[3]

Мындай баа берүүлөргө карабастан жыл өткөн сайын жаңы жарык көрүп жаткан басылмалар көбөйүүдө, ошол эле учурда ар кандай себептер менен жабылып же убактылуу токтоп жатканы мындан көп. Азыр Кыргызстанда Юститция министрлигинин маалыматы боюнча 1 миңге жакын жалпыга маалымдоо каражаттары катталган, алардын көпчүлүгүн басылмалар (гезиттер) түзөт[4].

Басма сөздун негизги милдеттеринин бири – коомдук пикирди жаратуу жана калыптандыруу болгондуктан ЖМК Кыргызстандын саясий-коомдук турмушуна чоң таасирин тийгизип келе жатат. Эгемендүүлүк алгандан бери Кыргызстанда ар кандай массалык маалымат каражаттары, анда иштеген журналисттердин саны, алардын арасындагы оң же терс пикирлер мурдагыдан да өстү.

Англиянын белгилүү журналисти Дэвид Рэндалл «Орус журналистикасы, Польша журналистикасы, француз, нигер, Сауд арабия, тайланд же латыш журналистикасы деген нерсе болбойт. Жакшы же жаман журналистика гана бар» деп айтканы бар.[5]

Девид Рэндалдын пикирине таянсак Кыргызстандагы журналистиканын, анын ичинде маалыматка болгон мамиленин абалы кандай?- деген суроо туулат. Өнүккөн өлкөлөргө салыштырганда сөз эркиндиги жана басма сөз каражаттарындагы маалымат жарыялоонун сапаты жагынан ат чабым алыста турат алешем калган жактар өтө эле көп. Ошол себептен «чындыкты айтуу – бул калп айтпа, фактыны бурмалаба же аны туура эмес чагылдырба деп талап кылганга караганда алда канча чоъ нерсе. Чындыкты табуу көп учурда кыйын, ал көрүнбөйт, ал кармалбайт, коркунучтуу, татаал жана акырында барып түшүнүксүз,- деп жазат телекөрсөтүү боюнча англиялык тарыхчы Пол Джонсон.[6]

Дүйнөнүн өнүккөн деп саналган мамлекттеринин журналистикасындагы стандарт же аларды бириктирип турган нерсе – кайсы бир тарапка жан тартпай, болушпай чындыкты, акыйкаттыкты жазуу керек. Өнүгүүнү, демократияны самаган Кыргызстандагы журналистика мына ушул улуу миссияны аткара албай жатат. Тилекке каршы, Кыргызстанда массалык маалымат каражаттары өкмөтчүл жана өкмөтчүл эмес же болбосо кайсы бир саясий топтордун, байманалуу адамдардын, Жогорку Кеңеш депутттарынын «менчигиндеги» таасирдүү куралына айланган кырдаалды байкоого болот.

Ушул ойдон алганда Кыргызстанда жарык көрүп жаткан коомдук-саясий багыттагы негизги басылмаларды эки топко бөлүүгө болот:

1. Өкмөттүк жана өкмөттүк позицияны дайыма колдогон гезиттер: «Кыргыз туусу», «Эркин тоо», «Слово Кыргызстана», «Бишкек таймс», «Жаңы ордо», «Жаңы кылым», «Моя столица», «Вечерний Бишкек» ж.б.
2. Оппозициялык маанайдагы гезиттер: «Агым» (*2007-жылдын 1-декабрына чейин-Б.О*), «Алас», «Кыргыз руху», «Белый параход», «Айгай», «Айкын», «Дэ факто», «Аалам» ж.б.

Мындай бөлүнүү демократиялуу өлкөлөрдө жок бир гана Кыргызстанга тиешелүү көрүнүнүш. Биздин баамымыбызда мындай жагдай гезитттердин материалдык көз карандылгынан же башкы редакторлордун расмий бийлик менен же башка саясий күчтөр менен болгон мамилесинен улам түзүлүүдө. Дагы бир кенемте: жогоруда негизги деген басылмалар өзгөчө эле саясатташып, гезит беттерине көпчүлүк учурларда Бишкектеги бийлик чөйрөлөрүндөгү өйдө-ылдый, талаш-тартыш маселеринин тегерегинен гана чыга албаган материалдарга орун бере турганын байкоого болот. Коомдогу кайсы бир тармактагы проблемага иликтөө жүргүзгөн макалаларды өтө эле сейрек учуратасыз. Ошондуктан Кыргызстандын медиа өкүлү Шамыралы Майчиев «Бишкек пресс-клубуна» берген интервьюсунда «Кыргызстандын ЖМКсы өтө эле саясатташып кетти жана алардын иши өз ээлеринин коммерциялык кызыкчылыктарына жана мамлекеттик бийликке байланыштуу» деп баса белгилейт.[7]

Гезиттердин, өзгөчө кыргыз тилиндеги гезиттердин көпчүлүгүндө маркетинг кызматы, реклама тармагы өнүкпөгөн аны алга жылдырууга аракет кылышпагандарын баамдоого болот. Редакцияга негизги киреше реклама, жарыядан түшпөгөндөн кийин, гезит сатуудан келген акча чыгымды жаба албагандан кийин сырттан келүүчү жардамга муктаж болушат. Ошол себептен гезит саясий көз карашын, маалымат берүү багытын өзгөртүп акча бергендердин сөзүн сүйлөгөнгө аргасыз болушуп, кээде алардын «саясий заказдарын» аткарып жатканы байкалып калат.

Жогоруда жалпыга маалымдоо каражаттарынын стандарттарынын негизинде журналист окуяларды, маселелерди чагылдыра алат деп айттык. Фактыларды туура, бейтарапсыз чагылдыруудан окурмандын, көрүүчүнүн өзүндө окуя же маселе боюнча жекече тыянакка келип, тигил же бул тараптын туура же туура эмес экендиги жөнүндө пикир пайда болору белгилүү.

Кээ бир учурларда окуяны чагылдырууда, материалды даярдоодо журналистке жолтоо болгон фактылар да кездешпей койбойт. Конституцияга ылайык маалымат каражаттарына цензура жок, ага мыйзамдарда расмий тыюу салынган. Мыйзам боюнча кимдир бирөө журналист даярдалып жаткан материалдар боюнча алдын ала макулдашууну, ошондой эле текстти өзгөртүүнү же материалды эфирден алып салууну талап кыла албайт. Бирок Кыргызстандын мисалында журналисттер бийлик тараптан же “таасирдүү чөйрөдөн” телефон чалып даяр болуп калган материалды эфирге чыгарбоо же гезиттин чыга турган санынан алып салуу жөнүндө талап кылган учурларын айтышат. Кээ бир учурда журналисттин ишмердигине кийлигишип, аны опузалап коюу максатында телефон аркылуу коркутуп же болбосо ачык эле көчөдө бараткан жеринен сабап, тоноп кеткен учурлар кездешет. Бул өзү журналисттик кесиптин коркунучтуу кесиптердин бири экендигин билдирет. Британиялык “ The Sunday Times” газетасы журналисттик кесип, “шахтер” жана “полициядан” кийинки эң опурталдуу кесип экендигин далилдеген.[8]

Журналисттерди уруп-сабап кетүү боюнча 2007-жылы эле бир нече факты катталган. Алардын бирөө КТРдин “Обүество и закон” аналитикалык программасынын алып баруучусу Кайрат Биримкуловду өз үйүнө бара жатканда, белгисиз кишилер тепкилеп кетишкен. Кайраттын сабалышынын себеби анын акыркы күндөрдөгү көйгөйлүү маселелерди көтөрүп, жогорку кызматтагы кимдир бирөөнүн жеке кызыкчылыгына шек келтирүүсүнөн деп айтышат. Кайрат өзү да ушундай пикирде экендигин ырастаган.

Журналист Кайрат Биримкулов ооруканадан дарыланып чыккандан кийин да журналисттик ишин улантууга каршылыктар басылган эмес, тескерисинче күчөгөн. Ага чыдабаган тележурналист Швейцариядан саясий баш баанек суроого аргасыз болгон. Анын

өтүнүчү орундалып 2007-жылы 2-октябрда Кайрат Биримкулов үй-бүлөсү менен Кыргызстандан чыгып кеткен. Ушундай эле көрүнүш менен "Пирамида" телерадио компаниясынын кабарчысы Турат Бектенов 2007-жылдын жаз айларында өз өлкөсүн таштоого аргасыз болгон.

Кыргыз журналисттеринин чет өлкөлөргө кетип жатышы мамлекеттин беделине шек келтире турган көрүнүш экендигин жергиликтүү жазмакерлер эскертишет. "Журналисттер" коомдук бирикмесинин жетекчиси Марат Токоев УТРКнын жетекчилеринин бири Б. Бекешовду эске албаганда 2006-2007-жылдардагы ноябрь-апрель митингдеринде журналисттерди сабаган же кол салган күнөөкөрлөрдүн бири да кармалган жок. Премьер-министр А. Атамбаев бул ээнбаштыктардын бетин ачууну өзү жеке көзөмөлгө ала тургандыгын айткан андан натыйжа чыккан эмес.[9]

Ал эми «Обүественный рейтинг» гезитинин башкы редакторунун орун басары Т. Акимов «адамдын күнөөсүн соттон териштиргенден көрө, башына бир чаап майып кылган оңойго турууда, айрымдар өчүн ушинтип алып жатышат. Журналистерди сабап кетмей коомдогу криминалдашкан кырдаалдын бир бутагы десек болот" деген оюн айтат. "Эгер минтип отурса журналисттердин сыртка кетүүсү дагы күчөйт. Кыргызстанда журналисттердин укугун, сөз эркиндигин коргоого мүмкүн болбой баратат" деп кейийт "Журналисттер коррупцияга каршы" уюмунун төрагасы Н. Урманбетов[10].

"Факты ыйык, комментарий эркин", - өзүн урматтаган информациялык телекызматтардын тутунган осуяты ушундай[11]. Калыстыктан тайбоо үчүн фактынын баалуулугун жоготуп койбоо жагы телекөрсөтүүлөрдү кандайдыр бир социалдык, партиялык жана башка топтордун кызыкчылыка ылайыктабоого милдеттендирет. Аналитикалык программалар баа берүүлөрдү, анын үстүнө программанын алып баруучунун, репертердун баа берүүсүн камтыбаш керек, бааны көрөрман, окурман өзү берет. Алып баруучулар менен репертерлордун сөздөрүндө баа берүү элементтери камтылып, алар тигил же бул коомдук акцияларды конституцияга каршы деп, ал эми жаңжалдарды бул акциялар расмий түрдө таанылганга чейин эле "улуттар ортосунда уруш чыкты" дей салышат. Айталы "ашынган экстремисттер" же "жаалданган масса" деген өңдүү олдоксон сөздөрдү колдонгон учурлар болот.

Маалымат - аналитикалык программанын журналисти өзү сүрөттөп жаткан окуяга жеке мамилесин билдирбеши керек. Журналисттин позициясы - чагылдырган фактылардын толуктугунда жана ырааттуулугунда. Эгерде ал өз мамилесин билдирүүнү зарыл деп эсептесе берүүнүн ушул бөлүгүн "алып баруучунун түшүндүрмөсү (комментарийи) катары башка билдирүүлөрдөн обочолонткону оң. Окуянын реалдуу каармандары болсо дагы бул ыкма өтө этият болууну талап кылат.

Демократия жашоосунда ар бир жаран өз оюн эркин билдирүүгө укуктуу. Ошол эле учурда коом өзү жөнүндө толук маалымат алууга укуктуу. Башкача айтканда көпчүлүктүн кызыкчылыгында азчылыктын үнү угулуп турууга тийиш. Журналистика эркиндиги - бул маселелерди кое билүү, социалдык абдан курч карама - каршылыктарды талкуулоо, өкмөттүн жана башка мамлекеттик же жеке менчик мекемелердин аракетин талдоо, сындоо эркиндиги.

Жогоруда биз бийлик адамдарынын, саясий чөйрөлөрдүн ЖМКга тийгизген таасири жөнүндө айттык. Мындан сырткары дагы бир жагдай бар. Кыргызстанда байманалуу адамдар өздөрүнүн атын ачык айтып, кайсы бир басылманын же телекомпаниянын ээси экендигин айтпайт, өз атына жазбайт. Өздөрүнүн бизнесин, байлыгын жашырган сыяктуу эле гезиттин же телекомпаниянын документтерин башка бирөөлөрдүн аттарына каттатып коюу адатка айланган көрүнүш. Ошентсе да кайсы адамдардын кандай басылмасы бар экендиги жөнүндө маалыматтар бар. Айталы, «Кыргыз руху» гезитинин ээси Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты С. Урманаев, «Жаңы кылым» гезити президенттин администрациясынын мурдагы башчысы Ү. Сыдыков, «Агым» ЖК мурдагы депутаты М. Эшимканов, «Алас» ЖКнын мурдагы депутаты Б. Шерниязов, «Аалам» гезити Президент Бакиевдин мурдагы кеңешчиси Ч. Абыкеев, «Багыт» мурдагы министр Т. Акматалиев, «Обүественный рейтинг» ЖКнын мурдагы депутаты Б. Марипов, НТС телекомпаниясы ЖК мурдагы депутаты Ө. Бабановдун

1

менчигиндеги массалык каражаты экендиги айтылып келет. Оозеки айтылган маалыматтар четинен чындыкка айланып жатат. ЖК депутаты Ө. Бабанов жакында НТС каналындагы 30 пайыздык акциясын сатканы жөнүндө маалымат ачык эле жарыя болду.[12]

Дагы бир маселе: Жергиликтүү эксперттердин баамында азыркы кыргыз гезиттерине же телерадиокомпанияларында басма сөздүн принциптери же этикалары сакталбайт. Тескерисинче бат-бат бузулуп же өзгөрүп турат. Мисалы, Аскар Акаевдин президенттик доорунда анын башкы сынчысы оппозициялык пикирлердин трибунасы болуп келген «Моя столица» гезити 2005-жылдын 24-мартынан кийин келген бийликти жактаган, колдогон гана маалыматтарды берип, сын-пикирлер жарыяланбай калганы айтылат. «Вечерний Бишкек» гезити Акаевдердин үй-бүлөлүк менчигине тиешелүү басылма болсо, жаңы ээлери келгенден бери бүгүнкү бийлик жөнүндө сын пикир жарыялоодон оолактап ооз ачпай калды деп сын-пикир айткандар да аз эмес.

Коомдук пикирлерде эл аралык уюмдардын баасында Акаев мезгилиндеги басма сөзгө болгон кысым Бакиев учурунда мурдагыдан да күчөгөнү айтылат. 2006-жылы «Пирамида» телеканалынын тегерегиндеги окуяларды бийликтин жасаганы  катары бааланды. Аталган телеканалынын уюштуруучуларынын бири Бекжан Дербишев «Акаевдин заманында деле басым болгон, бирок Бакиевдин бийлигинин кысымы бандиттик жол менен болуп жатат» деп өз пикирин билдирет Тынчтык жана согуш маселелерин чагылдырган институтуна. Президенттин басма сөз кызматынын жетекчиси Досалы Эсеналиев «Пирамиданын» кеңсесиндеги техникаларды талкалоо, урдоо фактысы катардагы кылмышкерлердин эле жасаганы, ага бийликтин эч тиешеси жок экендигин айтат. Ал эми Медиа өкүл Ш.Майчиевдин пикиринде «ЖМК каражаттарына болгон кысым-басымдын деңгээли Акаевдин учуру же азырбы өзгөргөн жок. Бийликке жакпаган ЖМКларга кысым көрсөтүү аракеттери дагы эле бар»[13].

Кыргызстанда журналисттер менен өзгөчө бийлик адамдарынын ортосундагы соттошуу кадимки көрүнүшкө айланган. Биринчи жолу бийлик тарабынан 1994-жылы ошол кездеги өлкөнүн президенти А. Акаев «Свободные горы» гезитин сотко берип, аны жаптырган.  Ошол эле Акаев «Республика» гезитине чыккан «Даеш дом бездомному президенту» макала үчүн башкы редактор З. Сыдыкованы жана орун басары Т. Слаүеваны сот аркылуу шарттуу түрдө бир жарым жылдан эркинен ажыратууга жетишкен. Бул кыргыз журналисткасындагы чырлуу окуя катары тарыхта калган.

Журналисттерге ачылган сот иштеринин чечилиши бардык деңгээлдеги сотторго, алардын кабак-кашына көз каранды. Анткени президент сотторду дайындап, кызмат берип жаткандан кийин алардын ишин өтүнүчүнө жараша чечип коюу өнөкөткө айланган. Ошондуктан бийлик адамдарына сын айтуу өтө опурталдуу болуп келатат. 2000-жылы Жалалабаттагы журналист М. Ибраимов Сузак районунун сотуна сын пикир жазганы үчүн облустук борбордун соту аны 2 жылга эркинен ажыратып койгон. Журналист бир айдан ашык ички иштер бөлүмүнүн убактылуу кармоочу жайында жаткан. Андан кийин бул иш облустук сотто каралганда жергиликтүү журналисттердин, эл аралык уюмдардын бир топ аракеттери жана талабы менен эки жыл 10 миң сомдук айып менен алмаштырылды. Сырттан билинбегени менен М. Ибраимовдун камалыш фактысы бир топ журналисттерди чочутту, демек бийлик басма сөздү убактылуу ооздуктаганга жетишти десек болот.

Ушундай эле соттошуунун жыйынтыгы менен 2000-жылы «Асаба» гезити жабылганда, кыргыз коомчулукта кызуу талаш-тартыштар жүрдү. Эл аралык уюмдар Кыргызстандын демократиялык принциптерди бузуп жаткандыгын, Акаевдин бийлигиндеги коркутуп-үркүтүүнү ачык эле айтып жатышты. Ошондуктан журналисттер армиясы республиканын Кылмыш кодексинин 127-128- статьяларын алып салуу талабы менен чыгышты. Президентке, башка жогорку бийликтерге кат жолдошту, конференция, тегерек үстөл, пикет  ж.б. иш чараларды өткөрүштү. Массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнүн мындай аракеттеринен эч майнап чыкпай келди. Кыргыз парламентинин кароосуна бир топ жолу коюлуп өтпөй калып отурду.

Биз кеп кылып отурган 127-128-статьяларды (клевета, оскорбление) алып салуу демилгеси 2007-жылы кайрадан коюлду. Жогорку Кенештин көпчүлүк депутаттары ушул жылдын 2007-жылдын 26-мартында айтылып жаткан статьяларды кылмыш жаза

кодексинен алып салууга добуш беришти. Бул факт Кыргызстандын журналисттери үчүн чоң өзгөрүүнүн окуясы катары кабыл алынды.

Маалымат көркөм маданияттан айырмаланып адамдарды жана улуттарды жараштырууга жана бириктирүүгө гана эмес, бириндетүүгө, чабыштырууга да жөндөмдүү. Бул идеологиялык таасирге дуушар болгон саясий тирешүү шартында өзгөчө даана байкалат. Ушундай жагдайда калыстык шарты сакталган учурда гана гезит-журнал, телерадио билдирип жаткан окуя же маселе боюнча айтылган пикирлердин аныктыгы үчүн жоопкерчиликти өзүнө ала алат, биз коомдук аң сезимдеги абал туурасында ушуга жараша баа беребиз.[14]

Жогоруда айтылгандай Кыргызстанда бул убакка чейин журналисттерди коркутуу, уруп-сабоо, соттошуу аркылуу кысым көрсөтүлүп келсе 2007-жылдын 4-сентябрында Ош шаарындагы өзбек тилинде чыгуучу «Сиесат» гезитинин башкы редактору Алишер Саипов ок жеп, киши колдуу болуп өлгөнү катталды. Кыргызстандын ички иштер министрлигинин маалыматы боюнча А. Саипов террористтик уюм катары каттоодо турган «Өзбекстан ислам кыймылы» (жетекчиси Т. Юлдашев), өзбек оппозициясынын «Эрк» партиясынын лидери М. Салих менен байланышта болгондуктан расмий өзбек бийлигинин атайын кызматы тарабынан өлтүрүлүшү мүмкүн[15] **.** Фергана.РУ маалымат агентигинин директору Д. Кислов окуя болгонго чейин эле А. Саиповго аны жок кылыш үчүн 10 миң АКШ доллары сайылганын кабарлашкан. Анткени ал Өзбекстандын И. Каримов башкарган режимин дайыма сындап келген. Ошентсе да аны “Хизб ут-Тахрир” уюмунун активдүү мүчөсү болгон деген күнөөнү тагып жатышат[16].

Журналист А. Саиповдун өлүмүнөн кийин кандай жыйынтыктарды айтсак болот. “Журналист” коомдук уюму Кыргызстанда журналисттик кесип аркалоодо кооптуу жагдай түзүлүп жатканын эскертет. Мамлекеттик бийлик, укук коргоо органдары журналисттердин кордук көрүп жатканына, ал тургай өлтүрүлгөн фактылардын бетин ачууда алсыздык кылып жатат[17].

Массалык аң сезимди азыркы учурдагы карама каршы коюу кырдаалында (өзгөчө окуя болгон жерде тараптардын ар бири өзүнүн акыйкаттыгын жана каршылаштын акыйкатсыздыгын баса көрсөтүүгө умтулуп жатканда) журналисттин ар кандай субъективдүү пикири ансыз да козуп турган кырдаалды чыңалтып жиберүүгө, ал эми улуттар ортосундагы чыр-чатактар жөнүндөгү тенденциялуу билдирүү андан да чоң жаңжалдарды алып келүүгө жөндөмдүү.[18] Бир эле окуяны каршылашкан тараптардын кайсы бирине болушуп “эки жүздүү репортаж” берүү проблеманы чечип жибербейт тескерисинче күчөтөт, курчутат.

Журналисттин тили демекчи кыргыз журналистикасында жакшы тилде жазылган макалалар аз болуп жатканын айтышат. Өзгөчө кыргыз тилдүү гезиттерде иштеген журналисттер адабий тилдин нормаларынан чыгып, орусча же одоно, уят сөздөрдү, жаргондорду, диалекти же говорлорду колдонуп жазуу, өнөкөткө айланып жатканын байкоого болот. Мисалы, «Энесай» гезитинин 2007-жыл, 28-марттагы санында **«Учурда Куловдун чатына башын тыгып алып,…», Чиркейдин даарат ушатканын көрдүң беле?** «Анан эле айтып оозду жыйгыча Салиевич "отставить!" деп үстөл муштаганын уктук. Болгондо да президент К.Бакиев мындай "неудобство" болуп кеткендигинин баарын мурдагы премьерге шылтап…» деп жазат.[19] Мындай мисалдарды келтире берсе көп. Биз Кыргызстандагы коомдук-саясий, абройлуу, окумдуу делген гезитти гана келтирдик. Эки-үч киши чүргөй салып чыгарган басылмалар жөнүндө азырынча кеп жок.

**Корутунду**

Басма сөздүн негизги милдеттеринин бири – коомдук пикирди жаратуу болгондуктан Кыргызстандагы ЖМК мамлекеттин саясий-коомдук турмушуна чоң таасирин тийгизип жатат. Ошентсе да Кыргызстан ЖМК эркиндиги боюнча өз аймагында алдыңкы орунда келатканы менен батыш серепчилеринин баамында жалпы дүйнө мамлекеттери менен салыштырганда «демократия аралчасын» сактай албай кол жууп жатат. Чет элдик серепчилердин баамында Кыргызстанда сөз эркиндигине болгон мамиле 2007-жылы деле

жакшы жагына өзгөргөн жок, тескерисинче артка кетти. Журналисттерге болгон кысым мурдагыдан күчөгөн.

Ата Мекендик журналистика үчүн окуяларды жана пикирлерди чагылдырууда калыстыкка жетишүү – эң оор милдетгердин бири бойдон калууда. Ондогон жылдар боюу журналистиканын теориясында советтик массалык маалымат каражаттары коммунисттик пропаганда катары иштеп келгенин жогоруда айттык. Бул жерде пропаганда дайыма биринчи орунда туруп, ал эми маалымат анын "куралы" гана болуп келген. Демократиянын шартында жашап жатат делген азыркы Кыргызстанда Жалпыга маалымдоо каражаттары көп учурда окурманга даана, так, калыс маалыматты эмес расмий бийликтин же кайсы бир таасирдүү саясий күчтөрдүн максат-мүдөөсүн турмушка ашырган "курал" боло турган маалыматтарды берүүдө.

**Адабияттар**

1. (КР Конституциясы, 2007-жыл.)
2. (http://www.adilsoz.kz)
3. (http://www.freedomhouse.com)
4. www.minjust.gov.kg
5. (Дэвид Рендалл, Универсалдуу журналистика, Жалалабат, 2007)
6. (С.А. Муратов, «Тележурналистиканын нравалык принциптери» изилдөө жүргүзүүчү журналистика, 24-бет)
7. ( www.bpc.kg 5.01.07).
8. /www.sundaytimes.com/
9. (www.bpc.kg 5.01.07).
10.www.iwpr.com (2007)
11. www.monitoring.kg (2007)
12. (С.Г.Корконосенко "Основы журналистики" Принципи поведения журналиста, М., 2007. 261-бет).
13. "Агым" (2007, ноябрь)
14. www.akipress.kg 30.10.2007.
15. www.fergana.ru
16. www.fergana.ru
17. www.monitoring.kg
18. (Г.В.Кузнецов "ТВ-Журналистика", Семь профессиональных граней, М., 2004. 75 стр.)
19. «Агым» (2007-жыл, 30-март)